БИЛИМ БЕРҮҮ ПРОГРАММАЛАРЫН ЖАНА УЮМДАРЫН АККРЕДИТАЦИЯЛОО АГЕНТТИГИ

АГЕНТСТВО ПО АККРЕДИТАЦИИ ОБРАЗОВАТЕЛЬНЫХ ПРОГРАММ И ОРГАНИЗАЦИЙ

AGENCY FOR ACCREDITATION OF EDUCATIONAL PROGRAMS AND ORGANIZATIONS

# Инновациялык техологиялар жана энергетика институтунда ишке ашырылып жаткан жогорку кесиптик билим берүү программаларын аккредитациялоонун алгачкы жыйынтыктары.

**Төрага:** Исаков Топчубай Эргешович,
Б.Сыдыков атындагы КӨЭАУ, «Педагогика жана окутуунун инновациялык технологиялары» илимий-изилдөө борборунун директору, п.и.к., доцент.

**Комиссия мүчөлөрү - билим берүү программалары боюнча эксперттер**

| № | Программанын аталышы | Шифр | Эксперттердин аты-жөнү | Иштеген жери, кызматы, ил. даражасы, ил. наамы |
|---|---|---|---|---|
| 1 | Педагогика (профили: Педагогика жана мектепке чейинки билим берүүнүн усулу) (бакалавр) | 550700 | Исаков Топчубай Эргешович | Б.Сыдыков атындагы КӨЭАУ, «Педагогика жана окутуунун инновациялык технологиялары» илимий-изилдөө борборунун директору, п.и.к., доцент. |
| 2 | Көркөм билим берүү (профили: Көркөм эмгекке окутуу (бакалавр) | 550600 | Машиев Медетбек Айтмаматович | М.М.Адышев атындагы ОшТУ, кесиптик билим берүүнүн технологиясы кафедрасынын доценти. |
| 3 | Филологиялык билим берүү (профили: Орус тили жана адабияты) (бакалавр) | 550300 | Мирзахидова Миясар Инамжановна | Б.Осмонов атындагы ЖАМУ, "Кыргыз тили жана адабияты" кафедрасынын профессору, п.и.к., фил.и.д. |
| 4 | Табигый илимий билим берүү (профили: Биология кошумча География) (бакалавр) | 550100 | Орозбаева Жылдызкан Мариповна | Борбордук Азия эл аралык медициналык университети, фармацевтикалык дисциплиналар кафедрасынын башчысы, биол.и.к., доцент. |

Референт ББПУАА директору, к.т.н. С.М. Мамбеталиева

*27.12.2025-жыл*

**1 - Стандарт. Билим берүү программаларын иштеп чыгуу жана мониторинг жүргүзүү.**

**Күчтүү жактары:**

1. Билим берүү программасын иштеп чыгууда компетенттүүлүк ыкманын туура колдонулушу жана стейкхолдерлердин активдүү катышуусу;
2. Окуу жайда мониторинг жана үзгүлтүксүз жаңылоо механизмдеринин болушу.

**Алсыз жактары:**

1. ББПны түзүүдө Улуттук квалификациялык алкак жана педагогдун кесиптик стандартына маани берилбегендиги:
2. Мектепке чейинки билим берүү мекемелеринин практикалык муктаждыктарынын жетишерлик деңгээлде эске алынбагандыгы;
3. Окуу жайда сапатты камсыз кылуу саясаты боюнча атайын борбор же департаменттин уюшулбагандыгы.

**Сунуштар:**

**1.** 2025-2026-окуу жылынын экинчи жарымынан баштап ББПны түзүүгө катышуучуларга улуттук квалификациялык алкак жана педагогдун кесиптик стандарты тууралуу атайын окууларды өткөрүү жана ББПны түзүүдө бул маалыматтарды эске алуу жолго коюлсун;

**2.** 2025-2026-окуу жылынын акырына чейин эмгек рыногунун өзгөрмө талаптарын эске алуу менен мектепке чейинки билим берүү мекемелеринин практикалык муктаждыктарын анализдөө системага келтирилсин;

**3.** Окуу жайда 2025-2026-окуу жылынын акырына чейин сапатты камсыз кылуу саясаты боюнча атайын борбор же департамент уюштурулсун жана сапатты камсыз кылуу боюнча иштер системага келтирилсин.

**1 - Стандарт жетишсиздиктер менен аткарылып жатат.**

**2 - Стандарт. Окутуунун натыйжаларын кабыл алуу жана таануу**

**Күчтүү жактары: -**

**Алсыз жактары:**

1. Абитуриенттерди кабыл алуунун эрежелеринин жана жол-жоболорунун толук кандуу ишке ашырылбагандыгы. Анын натыйжасында кесипке багыт берүү иштеринин солгундугу;
2. Студенттердин билим алуу траекториясын түзүүгө (тандоого) жана карьералык өсүүгө көмөк көрсөтүү механизмдеринин жолго коюлбагандыгы;
3. Аккредитацияланган билим берүү программалары боюнча студенттердин контингенттеринин аздыгы.

**Сунуштар:**

1. 2026-жылдын 15-январынан баштап кийинки окуу жылына карата абитуриенттерди кабыл алуу боюнча кесипке багыт берүү жана жарнамалык иштер күчөтүлсүн;

2. 2025-2026-окуу жылынын акырына чейин студенттердин билим алуу траекториясын түзүүгө (тандоого) жана карьералык өсүүгө көмөк көрсөтүү механизмдери камсыз кылынсын;

3. 2026-2027-окуу жылына карата аккредитацияланган билим берүү программалары боюнча студенттердин контингенттерин жок дегенде минималдык талаптарга ылайык келтирилсин.

**2 - Стандарт жетишсиздиктер менен аткарылып жатат.**

## 3 - Стандарт. Инсанга багытталган окутуу жана билим алуучулардын билим алуудагы жетишкендиктерин баалоо.

**Күчтүү жактары:** :

1. Дуалдык окутуунун (өндүрүштүк ишкана менен биргеликте уюштурулган окуу борборунун) болушу;
2. Студенттердин окуу жүгүн, жетишүүсүн жана бүтүрүүсүн, бүтүрүүчүлөрдүн ишке орношуусун мониторинг кылуунун жакшы жолго коюлгандыгы;
3. Студенттердин билимдерин баалоо критерийлеринин жана ыкмаларынын, көзөмөлдүн күтүлүүчү түрлөрүнүн, баалоо жыйынтыктарына даттануу (апелляция) жол-жоболорунун жеткиликтүүлүгү жана ачык-айкын камсыздалышы.

**Алсыз жактары:**

**1.** Окуу жараянын уюштурууда студенттердин ар түрдүү топторунун муктаждыктарын эске алуунун жетишсиздиги;

**2.** Студенттердин ички жана сырткы академиялык мобилдүүлүктөрү боюнча иштерди уюштуруунун жолго коюлбагандыгы;

**3.** Студенттер үчүн атайын ийримдер (кружок) жана кыска мөөнөттүү курстар боюнча пландуу иштер алынып барылбагандыгы.

**Сунуштар:**

1. 2025-2026-окуу жылынын экинчи жарымынан тартып окуу жараянын уюштурууда студенттердин ар түрдүү топторунун муктаждыктарын эске алуу камсыздалсын;

2. 2026-жылдан баштап студенттердин ички жана сырткы академиялык мобилдүүлүктөрү боюнча иштерди уюштуруу жолго коюулсун;

2. 2026-жылдын январь айынан студенттердин муктаждыктарына жараша кошумча ийримдерди, кыска мөөөттүү курстарды жана факультативдерди уюштуруу ишке ашырылсын.

**3 - Стандарт жетишсиздиктер менен аткарылып жатат.**

## 4 - Стандарт. Педагогикалык жана окуу-көмөкчү персонал

**Күчтүү жактары:**

**1.** ПОЖ тарабынан иштелип чыккан окуу-усулдук колдонмолорду ж.б. ды басып чыгаруудагы минитипографиянын болушу жана бул иштердин жолго коюлгандыгы.

**Алсыз жактары:**

1. Профессордук – окутуучулук курамдын сапаттык көрсөткүчтөрүнүн нормага ылайык минималдык талапка туура келбегендиги;
2. Окутуучулардын кесиптик квалификацияларын жогорулатуу боюнча системалуу иштердин алынып барылбагандыгы;
3. Окутуучулардын сырткы жана ички мобилдүүлүктөрү боюнча иштердин уюштурулбагандыгы.

**Сунуштар:**

1. 2026-жылдын январь айынан баштап профессордук-окутуучулук курамдын сапаттык көрсөткүчтөрүн нормага туура келтирүү максатында кандидаттык диссертациялык иштери аягына чыгайын деп калган изденүүчүлөрдүн иштерин коргоого алып чыгууларына шарттар түзүлсүн;
2. 2025-2026-окуу жылынын экинчи жарымынан баштап окуу жайда окутуучулардын кесиптик квалификацияларын жогорулатууну системага келтирүү ишке ашырылсын: жобо иштеп чыгуу, атайын борбор уюштуруу жана аны ишке кийрүү камсыздалсын;
3. 2026-жылдан баштап окутуучулардын сырткы жана ички мобилдүүлүктөрү боюнча тиешелүү ЖОЖдор менен келишимдер түзүү, анын негизинде иштерди уюштуруу жана көзөмөлдөө камсыз кылынсын.

**4- Стандарт жетишсиздиктер менен аткарылып жатат.**

**5 - Стандарт. Материалдык жана маалыматтык ресурстар**

**Күчтүү жактары:**

1. Окуу жайда билим алуучулардын жана персоналдын ар түрдүү топтору үчүн жетиштүү материалдык жана маалыматтык ресурстардын болушу;
2. Окуу жайдын билим берүү чөйрөсүнүн коопсуздугунун талаптарына (санитардык-эпидемиологиялык жана гигиеналык эрежелер жана ченемдер, өрт коопсуздугунун эрежелери, эмгекти коргоо жана коопсуздук техникасы) ылайык келиши;
3. Окуу жараянын сапаттуу уюштуруу үчүн окуу-лабораториялык кааналардын жеткиликтүүлүгү жана жаңылоо боюнча иштердин үзгүлтүксүз жүргүзүлүшү.

**Алсыз жактары:**

1. Мүмкүнчүлүгү чектелген билим алуучулар үчүн зарыл болгон шарттардын (пандус, субтитрлүү материалдар ж.б.) жетишсиздиги;
2. Окуу адабияттарынын студенттерге жеткиликтүүлүгүн жакшыртуу үчүн электрондук китепкананын талапка ылайык келбегендиги.

**Сунуштар:**

1. 2026-жылдын 30-октябрына чейин мүмкүнчүлүктөрү чектелген адамдар үчүн тиешелүү шарттарды түзүү камсыз кылынсын;
2. 2026-жылдын 1-мартына чейин студенттердин окуу материалдарына жеткиликтүүлүгүн жакшыртуу үчүн электрондук китепкананын сапаттуу иштеши камсыздалсын.

**5- Стандарт жетишсиздиктер менен аткарылып жатат.**

**6- Стандарт. Билим берүү программасы боюнча илимий-методикалык жана изилдөө иши (жогорку жана жогорку окуу жайынан кийинки кесиптик билим берүү программалары үчүн).**

**Күчтүү жактары:**

1. Окуу жайда илимий жана илимий-методикалык изилдөөлөрдү жүргүзүү үчүн ыңгайлуу шарттардын түзүлгөндүгү;
2. Профессордук-окутуучулук курамдын илимий-изилдөө иштеринин жыйынтыктарын окуу процессинде жана өндүрүштө колдонуу боюнча стимулдаштыруу тутумун болушу;
3. Профессордук-окутуучулук курамдын макалаларын Scopus илимий базасына кирген журналдарда жарыялоо иштеринин жакшы жолго коюлгандыгы.

**Алсыз жактары:**

1. Профессордук-окутуучулук курамдын эл аралык илимий долбоорлорго жана гранттык программаларга катышуу иштеринин жетишээрлик деңгээлде эместиги:
2. Программанын студенттери үчүн илимий жана илимий-методикалык изилдөөлөрдү жүргүзүү иштеринин жакшы жолго коюлбагандыгы;
3. Профессионалдык (кесиптик) дисциплиналар боюнча өздүк иштеп чыгуулардын. окуу куралдарынын жана окуу китептеринин (айрыкча мамлекеттик тилдеги) жетишсиз саны.

**Сунуштар:**

1. Окуу жайда профессордук-окутуучулук курамдын эл аралык илимий долбоорлорго жана гранттык программаларга катышуу иштери күчөтүлсүн:
2. 2025-2026-окуу жылынын экинчи жарымынан баштап студенттер үчүн илимий жана илимий-методикалык изилдөөлөрдү жүргүзүү иштерини жакшы жолго коюлсун;
2. 2025-жылдын 1-сентябрына чейин профессионалдык дисциплиналар боюнча өздүк иштеп чыгуулар, окуу куралдары жана окуу китептери жетиштүү санда камсыздалсын.

**6-Стандарт *жетишсиздиктер менен* аткарылып жатат.**

## АККРЕДИТАЦИЯЛЫК СТАНДАРТТАРДЫН АТКАРЫЛЫШТАРЫН БААЛОО:

***1-стандарт жетишсиздиктер менен аткарылып жатат;***
***2-стандарт жетишсиздиктер менен аткарылып жатат;***
***3-стандарт жетишсиздиктер менен аткарылып жатат;***
***4-стандарт жетишсиздиктер менен аткарылып жатат;***
***5-стандарт жетишсиздиктер менен аткарылып жатат;***
***6-стандарт жетишсиздиктер менен аткарылып жатат.***

**Аккредитациялоо чечими боюнча эксперттик комиссиянын долбоору:**

**550700 "Педагогика» (бакалавр)"** (профили: Педагогика жана мектепке чейинки билим берүүнүн усулу). **550300 «Филологиялык билим берүү (бакалавр)»** (профили: Орус тили жана адабияты). **550100 «Табигий илимий билим берүү (бакалавр)»** (профили: Биология кошумча география). **550600 "Көркөм билим берүү (бакалавр)"** (профили: Көркөм эмгекке окутуу) **жогорку кесиптик билим берүү программаларын тышкы баалоо жүргүзгөн программалык аккредитациялоо боюнча эксперттик комиссия 5 (беш) жылдык мөөнөткө аккредитациялоону сунуштайт.**

**26-27.12.2025.**